# № 8 - САБАК

Медиа сабак

ТЕМА:

# СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ



Элестетип көрсөнөр, силер жаңылык көрүп атсаңар силерге бул сүрөттү көрсөттү.

Силер эмне болуп жатат деген ойго келесиңер?

Бул сүрөт менен берилген жаңылыкта эмне жөнүндө айтылышы мүмкүн?



Эми болсо башка сайтты карап жатып мындай сүрөттү көрдүңөр.

Кандай ойлойсуңар, репортаж эмне жөнүндө болот?

Азыр болсо чындыгында кандай экенин карап көргүлө. Күткөн эмессиңер, чынбы? Көрсө, чындыкты эле айтып, бирок чындыкты толук айтпай койсо эле маани таптакыр өзгөрүп кетет экен да.



Бул сыяктуу торлорго кантип түшпөй коюуга болот?
Бул үчүн сынчыл ой жүгүртүү керек.

Ал бизге жалган, чындыкка дал келбеген маалыматтардан коргонууга жардам берет



Сынчыл ой жүгүртүүнүн элементтери:

Китеп окуунун негизги натыйжаларынын бири: төмөнкү суроолорго жооп берүүгө жөндөмдүү болосуңар:


- *Мен эмне билем?*
- *Жаңы эмне биле алдым?*
- *Ал маалыматты эми эмне кылам?*
- *Ким айтты?*
- *Ал булак ишенимдүүбү?*
- *Далилдер барбы?*



**Ой жүгүртүү –** бул мээнин алынган маалыматты иштеп чыгуу процесси.

**СЫНЧЫЛ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ –** бул баарына эле ишене бербөө, маалыматты салмактап көрүү.

Эгер далили жок болсо, силер ага ишенбейсиңер. Бирок ушул эле убакта, сынчыл ой жүгүртүү – бул жаңы идеяларга ачык болуу жөндөмү.



## сынчыл ой жүгүртүү

- өзүнө суроо бере билүү
- туура жоопторду өз алдынча табуу
- чечим кабыл алуу



“Күкүк менен короз” тамсилин окуп көргүлө.

Бул тамсилге  суроолорду берип көрөлү:

**Жөнөкөй суроолор:**

*Эмне болду?*
*Кайда болду?*
*Качан болду?*
*Эмне үчүн болду?*

Б.а. кандайдыр бир фактыны атоо үчүн суроолор (Күкүктү ким мактады?)



Медиа сабак

Медиа сабак



**Чыгармачыл суроолор.**

Адатта “эмне болмок?”
деген суроо менен коштолот.
«Эмне өзгөрмөк?
Эмне болмок?».

(Эгер короз аны мактаган болсо,
күкүк эмне кылмак?)

**Баалоочу суроолор.**

Бул суроолор болуп өткөн окуяга
баа берүүгө багытталат.
(Эмне үчүн күкүк менен короздун
бири-бирин мактоосунун
зарылдыгы жок эле?)




Медиа сабак

**Практикалык суроолор.**

Суроонун бул түрү теория менен практиканын ортосундагы байланышты түзөт.

«Кантип пайдалануу керек? Эми эмне кылса болот?»





## Бүтүмдөр:

Медиа сабак

# Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө китеп окуу жардам берет.

# Уккан-көргөндүн баарына эле дароо ишене берүүгө болбойт. Алардын чындыгына ишенбөөчүлүк менен карап, текшерүү керек.

# Маалыматтын чын же жалган экенин билүү үчүн, өзүңөргө суроо бергиле, мен бул маалыматты кимден билдим?, мага маалыматты билдирген адамга ишеним артууга болобу?, мен бул жаңы билген маалыматты эми эмне кылам?